КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ ТАЛАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VIII чакырылыштагы кезектеги XXXI сессиясынын №224/31-8 ТОКТОМУ

**26-декабрь, 2023-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарынын Б.Баатыр көчөсүнүн №49/1 дарегинде жайгашкан "Азат" үй куруу корпорациясы тарабынан курулган 5 кабаттуу турак үйүнөн берилген 2 бөлмөлүү 66.97 чарчы аянттагы №1 жана 1 бөлмөлүү 44.66 чарчы метр аянттагы №2 батирлерди Талас шаарынын мэриясынын балансына өткөрүп алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 9-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 30.12.2023-жылдагы №01-19/2924 чыгыш сандуу катынын негизинде, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын протоколдук сунушун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарынын Б.Баатыр көчөсү №49/1 дарегинде жайгашкан "Азат" үй куруу корпорациясы тарабынан курулган 5 кабаттуу турак үйүнөн берилген 2 бөлмөлүү 66.97 чарчы аянттагы №1 жана 1 бөлмөлүү 44.66 чарчы метр аянттагы №2 батирлер Талас шаарынын мэриясынын балансына өткөрүлүп алынсын.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (У.Атагелдиев) тапшырылсын.

Төрага К.Джаныбеков